**Эне мээрими**

**Сөзү**: Тынчтыкбек Нурманбетов

**Обону:** Бөдөшов Атайбек

Аткаруучу: Чырмашов Төрөбек

Ак шоола чыгыш жактан көзгө тамат,
Айылым алп уйкудан көзүн жарат.
Аяздан ичиркенип чыйрыгышпай,
Апалар мештерине отун жагат.

Морунан ак үйлөрдүн түтүн булап,
Асмандан бүлбүлдөгөн жылдыз кулап.
Апалар мотурайган балдарына,
Астейдил көөнү менен наар сунат.

Көңүлү аткан таңдай тилек каалап,
Жаркылдап колдо баарын ыкчам камдап.
Жарыктык, энелердин мээрими ай,
Жолго да узатышат калбай жандап.

Ак тоолор турган өңдүү Күндү жөлөп,
Күлүңдөп Күн биринчи тоолорду өбөт.
Апалар күндөй сүйкүм мээрим менен.
Өмүрдүн гүлазыгын бизге төгөт.